«БЕКИТЕМИН"
Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ректору, т.и.д., профессор
Усенов К.Ж.
_______________
"29"- июнь 2020-ж.

Маатазимова Гулзаттын "Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедогогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы" (3-4 класс) деген темада 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясынын башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасынын кенейтилген жыйынынын

ТОКТОМУ

26.06.2020-ж. Жалал-Абад шаары

***Катышкандар***:
1. Сакиева С.С. – педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
2.Токтогулов С.Т. – педагогика илимдеринин доктору (13.00.01); ;
3. Абдувалиев И. – филология илимдеринин доктору, профессор (10.02.01)
4. Калчакеев К.Б. – филология илимдеринин доктору, доцент (10.01.09)
5.Ураимов К.М. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
6. Найманбаев М.Ж.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
7.Рыскулова Г.У. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
8. Шакирова М.Р. – филология илимдеринин кандидаты (10.02.01.);
9. Ажыкулов С.М. – педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.01);
10. Жолдошбаева Ы.К.- педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.08)
11. Нусупова Р.С.- педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.08);
12. Эшиев Ж.М.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
13.Тажибаева Ж.К.- педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02)

**Жыйындын төрайымы:** Сакиева С.С. – педагогика илимдеринин доктору, профессор, башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасынын башчысы.

**Жыйындын катчысы**: Раимкул кызы Айжамал – башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасынын окутуучусу.

**КҮН ТАРТИБИ:**

Изденүүчү Маатазимова Гүлзаттын "Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедогогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы" (3-4 класс) деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

***Илимий жетекчи:*** Ишекеев Н.И. – филология илимдеринин доктору, профессор.

***Жыйындын төрайымы:*** Бүгүнкү жыйынга изденүүчү Маатазимова Гүлзаттын "Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедогогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы" (3-4 класс) деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо маселеси коюлат.

Диссертациянын темасы 2015-жылдын 26-октябрындагы Окумуштуулар кеңешинин жыйынында бекитилген.

Диссертациялык иш Жалал-Абад мамлекеттик университетинин "Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы" кафедрасында аткарылган.

Диссертациянын негизги максаты, маселелери, түзүлүшү, актуалдуулугу диссертациялык иштин жыйынтыгы негизги мазмунун, маңызын, максатын жана өзөктүү жерлери, коргоого алынып чыгуучу жоболору жөнүндө изденүүчү Маатазимова Гүлзат доклад жасады.

**Маатазимова Гүлзат:** Азыркы ааламдашуу жана технологиялашуу доорунда билим берүү процессине кыргыз элинин улуттук мурастарын, рухий-адептик баалуулуктарын киргизүү жана аларды өсүп келе жаткан

муунга жеткирүү милдеттери алдыга коюлду. Кийинки жаштардын массалык маданияттын агымына өзгөчө тартылышы, туш тараптан кысып келе жаткан, элибиздин менталитетине ылайык келбеген көз караштар болочок муундун көзүн тумандатып, көкүрөгүн сокур кылууну көксөөдө. Билим берүү тармагынын эң башкы милдеттеринин бири – ошол сырттан келген жагымсыз көрүнүштөргө туруштук бере алуучу элдик тарбиянын өзөктүү идеяларын өзүнө сиңдирүү менен жалпы адамзаттык гуманисттик ойлорду кабыл ала билген ар тараптуу инсандын тарбияланышын ишке ашыра билгендигинде. Учурдагы жаштарда баңгичилик, ичкилик ичүү, тамеки тартуу, рэкеттик кылуу, бирөөлөрдү басынтуу сыяктуу терс сапаттар күчөп, интернетомания оорусу менен ооруп жаткандыгы жалпы коомдун дарты болуп саналат. Мындай көрүнүштөргө каршы туруу үчүн бирдиктүү мамлекеттик идеологиясынын таасиринин төмөндүгү, мектеп – ата-эне – социум байланышынын бекем эместиги, педагогика илимибиздин коомдук күчүнүн жоктогу кадыресе байкалат. «Мына ушундан улам бүгүн эгемендүү Кыргызстан экономиканы көтөрүү озуйпасы менен катар эле, биринчи иретте, коомдун руханий-адептик, ыймандык негиздерин чыңдоонун зарылдыгына келип такалып отурат. Биздин маалыматтуулугубуз, билимдүүлүгүбүз, кесипкөйлүгүбүз, материалдык-экономикалык өнүгүүбүз тунук адеп-ахлак, цивилизациялуу жүрүм-турум, ички рухий маданият менен коштолууга тийиш. Коом, Ата-Мекен деген ар бир атуулдун абийири жана жоопкерчилиги аркылуу гана жакшырары анык болуп калды. Таза ыйман, айкөл рух болсо коомубузда таза башкаруу, таза жаратмандык эмгек, тынчтык, ынтымак жана стабилдүүлүк болмок. Демек, бүгүн биринчи иретте, жарандардын, келечек муундарыбыздын рухий-адептик тарбиясын колго алуу, анын концепциясын, стратегиясын иштеп чыгуу жана аны ишке чегүү өлкөбүздүн масштабындагы кечиктирилгис милдет жана коомубуздун зарыл социалдык муктаждыгы» болуп отурат.

**Изилдөөнүн максаты:** Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык багытта окутуунун методикасын теориялык жактан негиздөө жана аларды практикага киргизүүнүн жолдорун иштеп чыгуу, иштелип чыккан сунуштардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргыз балдар жазуучуларынын чыгармаларынын этнопедагогикалык мазмунун, таалим-тарбиялык функцияларын жана алардын азыркы ааламдашуу доорундагы маани-маңызы аныктоо.

2. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуп-үйрөнүүнүн тарыхына жана анын изилденишине обзор берүү.

3. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасын (3-4 класс) изилдөөнүн методологиялык негиздерин жана илимий методдорун аныктоо.

4. Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын окуп-үйрөнүүнүн формаларын жана методдорун иштеп чыгуу, аларды эксперименттен өткөрүп, жарактууларын практикага сунуштоо болчу.

Диссертациялык иштин үстүндө иштөө учурунда бул милдеттер чечилди. Эксперимент үчүн мектептер изделип табылды, эксперимент жүргүзүү үчүн экспериментатор мугалимдер аныкталды. Экспериментке алып чыгылуучу материалдар табылды, экспериментти жүргүзүүнүн максаты, милдеттери, багыты, күтүлүүчү жыйынтыктары болжолдуу түрдө аныкталып, илимий эмгектер талданды.

Проблеманы аныктоодо сурамжылоо иштери жүрдү, сабактар анализденди, мугалимдер менен аңгемелешүүлөр өткөрүлдү. Изилдөөнүн жүрүшүндө окутуу методикасынын эффективдүү модели иштелип чыкты.

Эксперименттик база катары Сузак районунун №89-П.Жуманазаров, №75- К.Эрматов, №83-З.Жамашев, №51-С.Жээнбеков атындагы орто мектептер, Жалал-Абад шаарындагы №16, №4, №21, №5-орто мектептери тандалды, аларды тандоодо башталгыч класстардын параллелдүү

класстарда окутулушу, мугалимдердин кесиптик даярдыгы, ошол мектептердин компьютер жана интернет менен камсыздалышы эске алынды.

Изилдөөгө аталган мектептерден 425 окуучу катышты, ошолордун ичинен контролдук (байкоо) жана эксперименталдык (тажрыйба) топтор аныкталды. Педагогикалык эксперимент Жалал-Абад областынын мектептеринде 2014-2019-жылдарда үч баскычта (этапта) жүргүзүлдү.

Балдар жазуучуларынын прозалык чыгармаларынын антологиясын, хрестоматияларын мезгил-мезгили менен жаңыдан чыгарып туруубуз керек; мектеп мугалимдеринин балдар жазуучуларынын чыгармаларын окутуу боюнча тажрыйбаларын топтоп, жыйынтыктап, кайра мугалимдерге сунушташыбыз зарыл; этнопедагогика боюнча окуу китептерин, сөздүктөрдү түзүп, практик мугалимдерге жеткирүүбүз зарыл.

Изденүүчүнүн диссертация боюнча баяндамасынан кийин диссертациянын мазмуну боюнча төмөндөгүдөй суроо-жооптор болду:

**Жолдошбаева Р.К., п.и.к.доц.м.а.:** Гүлзаттын бул илимий иши аяктап, талкууга коюлганына кубанып жатам. Гулзат бул иш боюнча көп жылдардан бери талбай эмгектенип, изилденип келгенин билем. Менин суроом төмөндөгүдөй: Изилдөөнүн пилоттук этаптарында кандай иштер жүргүзүлдү?

**Жооп**: Изилдөөнүн пилоттук этапта биз төмөндөгүдөй иштерди аткардык: Бул байкоо, изилдөо, деп аталган этап болуп эсептелинет.

2014-2015 жылдар ичинде башталгыч класстарда жалпы эле адабият предметин окутуунун абалы балдар жазуучуларынын корком чыгармаларын окуу программасында, окуу китептеринде берилиши, ошол чыгармаларды окутуу боюнча илимий методикалык колдонмолордун чыгарылышы жана ошондой эле мугалимдердин этнопедагогокалык түшүнүктөрүн, этномаданий компетенттигинин текшерилгендиги. Бул максатты ишке ашыруу үчүн биз 8 мектептен (Жалал-Абад шаарындагы №4, №5, №16, №21 мектептери менен, Сузак районунун №89-

П.Жуманазаров, №75- К.Эрматов, №83-З.Жамашев, №51-С.Жээнбеков атындагы орто мектептеринде) 65 мугалим менен иш жүргүздүк.

**Найманбаев М.Ж., п.и.к. доцент:** Окуучуларга жана мугалимдерге эксперимент кандай негизде жүргүзүлдү, жана эксперимент жүргүзүүдө кайсы методдорду көбүрөөк колдондуң?

**Жооп:** Негизинен эксперимент жүргүзүүдө мугалимдер менен тыгыз байланышта болдук, андыктан эң алгач эле аңгемелешүү методу колдонулду. Тажрыйбаларды талдоо жана жыйынтыктоо методун, аларды иште колдонуу методун, ошондой эле байкоо методун, башталгыч класстагы окуучулардын үйрөнүү методдору колдонулду.

**Ажыкулов С.М., п.и.к., доц.м.а**.: Азыркы күндөгү эң актуалдуу теманы тандаптырсыз. Моделди эмненин негизинде жана эмнеге таянуу менен иштеп чыктыңыз?

**Жооп:** Илимий изилдөөнүн жүрүшүндө башталгыч класстардын балдар жазуучуларын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча жүргүзүлгөн эксперименттердин жыйынтыгынын негизинде компетенттүүлүктөрдү аныктап алып, балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуунун модели иштелип чыкты.

**Суроо:** практикалык сунуштардын канчасын аткарганга жетише алдыңыз?

**Жооп:** Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы, заманбап шарттарга ылайык адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип,ырааттуу түрдө алгачкы жолу иштелип чыкты; башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасынын тарыхы, учурдагы абалы, өзгөчөлүктөрү, изилдениши, методологиясы жана методикасы алгачкы жолу атайын максатта анализденди; балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык багытта үйрөтүүнүн натыйжалуу

методдору, жолдору жана каражаттары аныкталды; илимий изилдөөдө аныктаган натыйжалуу методдор, жолдор, каражаттар педагогикалык эксперименттен өткөрүлүп, практикага сунушталды.

**Эшиев Ж.М.. п.и.к.,доцент:** 2-3-6 таблицада педагогикалык идеяларды кабыл алуу деңгээли деп турат: Мында 5 жазуучунун 5 аңгемеси киргизилген. Төлөгөн Касымбековдун "Туулган жер", Б.А.Абдухамидованын "Эне жана бейиштин мөмөсү"ж.б, Төлөгөн Касымбековдуку 16% болуп турат, мунун деңгээли эмнеге төмөн болуп калган экспериментте?

**Жооп:** Эксперименттин жыйынтыгы ушундай болду. Төлөгөн Касымбековдун "Туулган жер" чыгармасы 3-класстарга көлөмү кыска берилиптир. Мүмкүн кененирээк берилсе мазмундуу болуп, окуучуларга да таасирдүү болмок.

**Эшиев Ж.М.**: Б.А. Абдухамидова менен Т.Абыкеевге да таблица түрүндө кенен автобиография берилгенби? Калгандарга берилгенби?

**Жөоп:** Алардын да автобиографиясын кошууну эске алам.

**Калчакеев К.Б., ф.и.д.проф.м.а.:** Эмне себептен ушул теманы тандап алдыңыз?

**Жооп: А**зыркы кезде жаш муундарды ар тараптан жетилген инсан катары калыптандырууда элдик этнопедогогикалык салтка болгон талаптын өсүшү жогорку деңгээлде болуп жатат. Аны ишке ашыруу учун илимий методикалык практикада толук киргизилбей жаткандыгы бөлуп жатат. Экинчиси кыргыз, балдар жазуучуларынын чыгармаларынын бай мазмуну жана идеясы, адабият таануу багытында изилдеген менен алардын азыркы мектеп окуучуларынын билимин, тарбиясын жогорулатууга толук жеткиликтүү болбой жаткандыгы эсептелинет. Ошондой эле балдар адабиятын окутуу боюнча мугалимдердин тажрыйбалары жеткиликтүү деңгээлде болбой жаткандыгы.

**Ажыкулов С.М.,п.и.к.доц.м.а.:** Бул эмгектер кайсыл жерде апробацияланган? Кантип изилдедиңиз?

**Жооп:** Илимий изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо боюнча 2015-2018-жж. ЖАМУнун илимий-техникалык кеңешмелерге докладдар даярдалып, отчеттор берилип турду, тема боюнча 8 макала жазылган жана иш аткарылган жерде – ЖАМУнун "Педагогика жана психология" кафедрасынын отурумунда, "Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы" кафедрасында, Сузак районунун №89-П.Жуманазаров, №75-К.Эрматов, №83-З.Жамашев, №51-С.Жээнбеков атындагы орто мектептеринде, Жалал-Абад шаарындагы №16, №4, №21, №5-орто мектептеринде диссертациялык иш талкууланды.

Эшиев Ж.М.: Алыкул Осмонов жөнүндө бир да маалымат жок экен, кененирээк бериш керек. 20-30-жылдарга обзор берилиптир дагы Жоомарт Бөкөнбаев менен Темиркул Уметалиев, Кусейин Эсенкожоев "Саякатчы бала" сатирасы, Ж.Бөкөнбаевдин 3 сын макаласы бар: "Балдар адабияты", "Формализмге каршы", "Балдарга кандай чыгармалар керек" 1934-жылдары.

**Жооп:** Сөзсүз эске алып сатираларды да киргизебиз. Жакшы пикир болду.

**Тажибаева Ж.К., п.и.к.:** Эксперименталдык топтор менен контролдук топтордун айырмачылыгын аныктоодо кандай иштер аткарылды?

**Жооп:** Мында окуучулардын билим деңгээли жана компетенттүүлүгүн аныктоо үчүн биринчи контролдук топто 3-4 класстар үчүн адабий окуу сабагынын программасына ылайык түзүлгөн окуу китептери колдонулду. Мугалимдер бул класстарды салттуу методикалык текстти окутуу, чыгарманын мазмунун суроо жана аны айтып беришине көңүл бурулду. Окуу китептеринин автору тарабынан түзүлгөн суроолор, тапшырмалар менен иштөө ж.б колдонулду.

**Шакирова.М.Р. ф.и.к.доц.м.а.:** Ушул багытта изилденген кимдердин эмгектери бар, алардын кайсыларын пайдаландыңыз?

**Суроо**: Эгерде эксперименталдык иштер 2014-2015-жылдары башталган болсо, андан бери 5-6 жыл өтүптүр, көрсөткүчтөр кандай өзгөрүүлөргө дуушар болду?

**Жооп**: Негизинен теманы изилдөөдө сөзсүз түрдө мурунку муундагы акын жазуучуларынын эмгектерине таянабыз. Өзүбүздүн кыргыз жазуучуларынын чыгармаларындагы этнопедагогикалык ойлорду ачып берген этнопедагог окумуштуулар жана методисттер өтө көп, алар: Р.А.Абдыраимова, Б.А.Апышев, А.А.Алимбеков, С.О.Байгазиев, Ж.Б.Бешимов, А.Э.Измаилов, А.Ж.Муратов, Г.Н.Волков, А.Т.Калдыбаева, Ж.И.Койчуманов, М.Р.Рахимовалар ж.б эмгектерин эске алдык. Мен изилдеген багыттагы балдар адабиятын изилдөөчүлөр:К.А. Абакиров,К.А. Исаков,У.Б. Балтаева, М.С.Сулайманов, О.С.Сооронов ж.б эмгектерин топтоштуруп, талдап, жалпы билим берүү мектептеринде 3-4-класстарда балдар чыгармаларынын элдик педагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасын терендетип иштеп чыктык. Бул багытта фольклордук чыгармаларды этнопедагогикалык багытта окуп үйрөтүү методикасы С.К.Рысбавдин доктордук диссертациясында терең изилденген, ошондой эле А.Т.Сатарованын доктордук диссертациясында изилденген. Алардын айырмачылыгы С.К.Рысбаев фольклордук чыгармалар боюнча, ал эми А.Т.Сатарова акындардын ырларын объектив кылып алган. С.С.Сакиеванын да ушул багытта илимий иштери бар ж.б. бир катар окумуштуулардын эмгектеринде практикалык жактан изилденген. Бирок этнопедагогикалык багытта иликтөөгө алынган эмес.

Көрсөткүчтөр боюнча 2014-2015-жылдардан бери эксперименттин жыйынтыгы боюнча этнопедагогикалык метод мугалимдерге жеткиликтүү деңгээлде болбой жаткандыктан төмөндөп жатат.

**Сунуш:** контексттеги “актилек” деген сөздү “ак ниет” деп өзгөртүү, “бышыктык” дегенди “бышыктоо” деп өзгөртүп коюу керек.

**Сакиева С.С.п.и.д.проф.:** Эмне үчүн 3-4-класстарды алдыңыз?

**Жооп:** Себеби, балдар жазуучуларынын чыгармалары 3-4- класстардын Адабий окуу предметинде көп жолугат. Ал чыгармаларда этнопедагогикалык маселелер да көп кездешет.

**Сунуш:** Сулайман Рысбаевдин диссертациясынын өзгөчөлүктөрүн жана айырмачылыктарын так билишиң керек. Жакшылап карап чыгууну сунуштайм.

**Нусупова.Р.и.и.к.доц.**: Эксперименталдык топтор менен контролдук топтордун айырмаларын аныктоо учун кандай критерийлер колдонулду?

**Жооп:** Эксперименталдык топтор менен контролдук топтордун айырмаларын аныктоо учун төмөндөгүдөй чен-өлчөмдөрдү (критерийлерди) пайдаландык.

1.Проблеманы изилдөөнүн негизги максаты жана манызын түшүнүүсү.

2.Проблеманы чечүүдө өз алдынчалуулугу, чыгармачылык изденүүчүлөрү.

3.Этнопедагогикалык маалыматтарды пайдалануусу.

4.Адабий чыгарманы этнопедагогикалык негизде талдоо компетенттулугу:мисалдарды алуусу;улуттук салт менен байланыштыруусу; өз көз карашын билдирүүсү ж.б.

**Ибраим Абдувалиев, фил.илим.доктору, профессор:**

Тема өтө актуалдуу, башталгыч класстын окуу китептери, анын сапаты, эң негизги маселе; баланын билими өтө маанилүү. Кызыктуу материалдарды окуп башташы керек. Бизде балдар адабияттары өтө көп. Көптөгөн акын жазуучулар, балдар үчүн китептерди жазышкан, айрыкча кыргыз элинин салт-санаасын, табиятын үйрөтүүчү адабияттар өтө көп. Эң негизгилери 3-4- класстарда берилет. Балдар текстти окуп түшүнүп калган маалга коюлган.

Биз жаш кезде Дүйшөн Сулайманов, кыргыз эл жомокторду көп жазган, элдик оозеки чыгарманы кара сөз түрүндө китептерге түшүргөн. Азыркы жазылып жаткан жомоктордун мааниси, эмнелерди үйрөтөт

ошолорго анализ жүргүзүү керек. Диссертациянын темасы өтө так коюлган. Бул диссертация максатына жеткен деп эсептейм. Бирок кемчиликтери да бар, кээ бир грамматикалык каталары бар.

**Сакиева С.С.:** Сулайман Рысбаевдин диссертациясынын өзгөчөлүктөрүн жана айырмачылыктарын так билишиң керек. Жакшылап карап чыгууну сунуштайм. Айрым кемчилдиктерин эске алуу менен диссертацияны коргоого сунуштоого болот.

**Эшиев Ж.М.:** Диссертациянын темасы актуалдуу. Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн методикасына арналган. Изилдөө теориялык жана практикалык жагынан талданган. Жобого туура келет. Толук бүткөн эмгек катарында коргоого сунуштоого болот.

**Изденүүчү Маатазимова Г.Э**: Диссертациялык изилдөө ишибизди талкуулоого катышып, баалуу сунуш-пикирлерди бергениңиздер үчүн терең ыраазычылык билдирем. Айтылган сунуш-пикирлериңиздерди эске аламын.

«Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы» кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын диссертациялык изилдөөнү талкуулоонун негизинде кабыл алган изденүүчү Маатазимова Гүлзаттын "Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедогогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы" (3-4 класс) деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына чыгарылган бүтүм:

Жогорудагыларды эске алуу менен Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогика жана маалымат технологиялары факультетинин "Башталгыч башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы" кафедрасынын кеңейтилген жыйыны

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

Изденүүчү Маатазимова Гүлзаттын “Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедогогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы” (3-4 класс) деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүнө карата жогорудагы бүтүм бекитилсин. 2.Изденүүчү Маатазимова Гүлзаттын “Башталгыч класстарда балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедогогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы” (3-4 класс) деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши жактоого сунуш кылынсын.

Пикир Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын отурумунда 2020-жылдын 26-июнунда (№17 протокол) талкууланып бекитилди.

*Жыйындын төрайымы,педагогика илимдеринин доктору, профессор* — *Сакиева С.С.*

*Жыйындын катчысы*: — Рамикул к.Айжамал

п.и.д., профессор С.С.Сакиеванын колун тастыктаймын.

ЖАМУнун окумуштуулар кенешинин катчысы, п.и.к. Нусупова Р.С.

КАНЦЕЛЯРИЯ